| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ | ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

# БУЙРУК

2024-жыл 23-октябрь № 223 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 30 апрелиндеги № 61 «Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө», «Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №192 «Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-октябрындагы № 602 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №192 «Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 «Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө» токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого ылайык, отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2024-жылдын 23-октябрындагы № 06/66 протоколдук чечимин эске алуу менен, **буйрук кылам:**

1. 2024-жылдын 23-октябрынан тартып Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энегетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 30 апрелиндеги № 61 «Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругуна төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- Жогорудагы буйруктун 1-тиркемесинин 9-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9 | Башка керектөөчүлөр | тыйын/кВтс | 376,7 |

2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту электр энергиясы менен камсыз кылуучу уюмдардын даректерине жөнөтсүн.

3. Маалымат катчы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**